**Ажыбаев Артур Шарапидиновичтин 10.01.01 - кыргыз адабияты адистиги боюнча жазылган "Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын өнүгүү тенденциялары" деген темадагы кандидаттык диссертациясын коргоо боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган Д 10.23.667 Диссертациялык кеңешинин өткөрүлгөн кезектеги отурумунун**

**№ 10 ПРОТОКОЛУ**

***Бишкекшаары*** ***2024-жылдын 25-июну***

**Отурумга диссертациялык кеңештин 16 мүчөсү катышты:**

1. Ибраимов Осмонакун Ибраимович - диссертациялык кеңештин төрагасы, филология илимдеринин доктору, академик. Адистиги: 10.01.01, 10.01.09;
2. Тиллебаев Садык Алаханович - төраганын орун басары, филология илимдеринин доктору, доцент. Адистиги: 10.01.03;
3. Ыйсаева Нурзина Токторбековна - филология илимдеринин кандидаты, диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы. Адистиги: 10.01.01;
4. Абакиров Курманбек Абакирович - филология илимдеринин доктору, доцент. Адистиги: 10.01.09;
5. Асанова Алтын Асановна - филология илимдеринин кандидаты, доцент. Адистиги: 10.01.10;
6. Асакеева Динара Жолдошевна - филология илимдеринин доктору, доцент. Адистиги: 10.01.01.
7. Жамгырчиева Гүлина Төлөковна - филология илимдеринин доктору, доцент. Адистиги: 10.01.10;
8. Кадырмамбетова Айнура Күмөновна - филология илимдеринин доктору. Адистиги: 10.01.01;
9. Султанова Жыпар Оморовна - филология илимдеринин доктору, профессор. Адистиги: 10.01.10;
10. Мамбеталиев Кубан Ильсович - филология илимдеринин доктору. Адистиги: 10.01.01;
11. Койчиев Бахтияр Турарович - филология илимдеринин доктору, профессор. Адистиги: 10.01.01;
12. Мурзахмедова Гүлнара Мурзалиевна - филология илимдеринин доктору, профессор Адистиги: 10.01.10;
13. Нарынбаева Нуржан Осмоновна - филология илимдеринин доктору, доцент. Адистиги: 10.01.09;
14. Орозобекова Жылдыз Калмашевна - филология илимдеринин доктору, доцент. Адистиги: 10.01.09;
15. Орозова Гүлбара Жалаловна - филология илимдеринин доктору, профессор. Адистиги: 10.01.10;
16. Сооронкулов Гүльжигит Умарович - филология илимдеринин доктору, доцент. Адистиги: 10.01.01;

**КҮН ТАРТИБИНДЕ КАРАЛУУЧУ МАСЕЛЕ**

**1. Ажыбаев Артур Шарапидиновичтин 10.01.01 - кыргыз адабияты адистиги боюнча жазылган "Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын өнүгүү тенденциялары" деген темадагы кандидаттык диссертациясынын коргоосу**

Отурумдун төрагасы, филология илимдеринин доктору, академик О. Ибраимов ачып, күн тартибинде каралуучу маселе менен тааныштырды.

Диссертациянын темасы "Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын өнүгүү тенденциялары" деп бекиген жана илимий жетекчиси ф.и.д. профессор А.Акматалиев. Диссертациялык иш КРУИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунда () бекитилген.

Ишти кароо үчүн төмөнкү эксперттер дайындалган:

Филология илимдеринин доктору С.Искендерова

Филология илимдеринин доктору Ж.Бакашова

Филология илимдеринин кандидаты Н.Сыдыков

Саламатсыздарбы, урматтуу диссертациялык кеңештин төрагасы О. Ибраимович жана диссертациялык кеңештин мүчөлөрү!

Бүгүн сиздердин алдыңыздарга "Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык формаһш өнүгүү тенденциялары" аттуу кандидаттык диссертация сунушталып отурат.

Эпистолярдык форманы иликтөө иштери тарыхый-маданий багытта, тилдик аспектиде жана адабият таануу жаатында колго алынгандыгын көрүүгө болот. Бирок, мындай иликтөөлөр дүйнөлүк, орус жана башка элдердин адабият таануу илимдеринин алкагында аткарылып келгендигин эске алсак, анда кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын табияты, аткарган функциялары "бүдөмүк" бойдон тургандыгы көрүнөт. Башкача айтканда, кыргыз адабиятындагы аталган форманын максат-милдеттери, колдонулуш өзгөчөлүктөрү, теориялык-практикалык маселелери ушул кезге чейин комплекстүү талдоого алынбай келген. Натыйжада, эпистолярдык форманын илимий-теориялык базасы, жанр катары бөтөнчөлүктөрү, классификациясы тууралуу атайын изилдөөлөрдүн жоктугу - улуттук адабияттагы эпистолярдык форманын табиятын толук жана ар тараптуу түпгүнүүгө өз кедергисин тийгизип келген. Демек, эпистолярдык форманын кыргыз адабиятындагы колдонулуш өзгөчөлүктөрүн, жанрдык табиятын, орду менен ролун, өнүгүү тенденцияларын, түрлөрү менен формаларын ар тараптан ачып көрсөтүү - илимий ишибиздин актуалдуулугун туюндурат.

Иштин максаты - кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын өнүгүү тенденцияларын ар тараптан ачып көрсөтүүдө турат.

Көздөгөн максатты ишке ашыруу үчүн төмөнкүдөй милдеттер алдыга коюлду:

1. Эпистолярдык форманын изилдениш тарыхына байланыштуу эмгектерди анализдөө;
2. Эпистолярдык форманын жанрдык аныктамаларын, жеке өзүнө таандык белгилерин, түрлөрүн жана өнүгүү тарыхьш талдоого алуу;
3. Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын генезисин, өнүгүү багыттарын талдоого алуу;
4. Жеке адабий каттардын спецификасын, өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүү;
5. Кыргыз адабиятынын поэзия, проза жанрындагы эпистолярдык форманын өнүгүү тенденцияларын талдоого алуу;
6. Кыргыз адабиятдагы эпистолярдык форманын функцияларын анализдөө.

Чынында, эпистолярдык форманын табиятын системага салып, жанр катары калыптануусунун ийге келтирүүдө байыркы грек ойчулдарынын аракеттери зор болгон. Гректердин "epistola" сөзү "кат" деген маанини туюндурса, кат түрүндөгү чыгармалар - "эпистолография" деп белгиленген.

Натыйжада, алар кат жазуудагы төмөнкүдөй кеп-кеңештерди айтып чыгышкан:

-Кат - диалог сымал адам баласынын адеп-ахлагын толук чагылдырышы керек. Анткени, катты адам жан-дүйнөсү менен жазат. Сөз өнөрүнүн бардык түрлөрүндө жазуучунун жан дүйнөсүн көрүүгө болот, бирок, катта жан дүйнө көбүрөөк байкалат;

-Каттын көркөмдүгү анын достукка данакерлигинде жана макал-лакаптардын молдугунда турат. Макалдар кандай жөнөкөй жана терең болгон сыңары, каттын терендиги - анын жөнөкөйлүгүндө;

-Каттын түзүлүшү эки нерсени камтышы керек: көркөмдүүлүк жана кыскалык;

Антикалык доордо эпистолярдык форма төмөнкүдөй тенденциялар менен коштолгон:

1. Кат - чыгармачылыктын өз алдынча жанры деп эсептелип, анын теориялык-методологиялык талаптары иштелип чыккан. Мисалы, каттын башталышы жана аягы калыпка салынган үлгү боюнча жазылган. Ойду так, кыска жана жөнөкөй берүү талап кылынган. Каттын башында автору, анан адресаты жазылып, андан кийин учурашуу, ал-абалды суроо менен негизги маселеге өтүү талабы коюлган. Каттын соңу ийгилик жана ден соолук каалоо менен аяктаган.

2. Катты классификациялоо аракеттери көрүлгөн. Мисалы, Цицерон катты үч жол менен бөлүштүрүүнү сунуштаган:

А) Максаты жана тону боюнча: интимдүү каттар, публицистикалык каттар;

Б) Автордун мамилесине жараша: официалдуу каттар, жеке каттар;

В) Мазмуну боюнча: жөнөкөй каттар, достук каттары, тамашалуу каттар, кайгылуу каттар, салмактуу каттар ж.б. Ошентип, антикада каттардын 21 түрү бөлүнүп чыккан:

| | | |
|---|---|---|
| 1. Достук каттары | 8. Коркутуу каттар | 15. Табышмак каттары |
| 2. Кеңеш каттары | 9. Акаарат каттары | 16. Түшүндүрүү каттары |
| 3. Кемсинтүү каттары | 10. Мактоо каттары | 17. Күнөөлөө каттары |
| 4. Жемелөө каттары | 11. Колдоо каттары | 18. Коргонуу каттары |
| 5. Чечкиндүү каттар | 12. Суроо каттары | 19. Куттуктоо каттары |
| 6. Айып каттары | 13. Өтүнүч каттары | 20. Келеке каттары |
| 7. Насаат каттары | 14. Жооп каттары | 21. Ыраазылык каттар |

Орто кылымдардагы эпистолярдык тенденциялар:

- Калемгерлер философиялык, этикалык-эстетикалык көз караштарын билдирүү үчүн эпистолярдык формага кайрылышы. Бул тенденцияга ылайык, эпистолярдык форма чиркөө башчыларынын дидиактикалык кайрылуу каттары, авторлордун ойдон чыгарылган риторикалык каттары аркылуу өнүгүп жүрүп отурган.
- Эпистолярдык форманын көркөм чыгармачылыктын өз алдынча жанры катары өнүктүрүлүшү. Бул тенденцияга ылайык, эпистолярдык форма «сентименталдык» мазмундагы чыгармаларды өөрчүтүүгө көмөктөшкөн.
- Каттагы кайрылуунун өзгөрүшү мурдагыдай адамдын ысымын биринчи айтпастан, анын мансабын, даражасын көкөлөтүп мактоо тенденциясы орун алган.
- Көркөм адабиятта "кат түрүндөгү романдар" деген жаңы түшүнүк пайда болот.

1.2. Эпистолярдык форманын генезиси, классификациясы,жанрдык табияты

Эпистолярдык форманын башат-булактарын маалымат берүүгө багытталган белгилер, символдор, таш доорунан бери белгилүү болгон петроглифтер түзөт деп айтууга болот. Анткени, байыркы адамдын дүйнө түшүнүгүн камтыган көрүнүштөр, көбүнчө, каттык маанидеги символдук белгилерге чөгөрүлгөн.

Алгачкы адамдардын аскага чеккен сүреттөрү, бир жагынан, алардын чыгармачылыкка болгон ышкысынан кабар берсе, экинчи жагынан, байыркы элдин маданиятынан, жашоо-турмушунан маалымат берген белги, жашырылган кат же сакталган сыр деп түшүнсөк да болот.

Эгерде, каттардын, маалымат берүүдөгү колдонулган эң ийкемдүү форма экендигин эске алсак, анда байыркылардын дүйнөгө болгон көз карашын камтыган, жашоо-турмушунан кабар берген, өзөгүндө сыр каткан, турмуштук окуяларды баяндаган дал ошол таштагы жазма эстеликтер - эпистолярдык форманын башатын түзөт деген жыйынтык орундуу болуп чыга келет.

«Сүрөтгүү каттар» - жазуу пайда болгонго чейинки колдонулган каттардын милдетин аткарган. Бирок, изиддөөчү В.М.Найдыш "сүрөттүү каттарга" чейин эле адамзат "предметтик каттарды" колдонуп келгендигин баса белгилейт. «Түйүндүү катардын» түрлөрү. "Дзе-шен", "Кипу", "Вампум", "Науз".

2-бап. Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын башат-булактары

2.1. Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форма - изилдөөнүн объектиси катары

"Манас" эпосу, "Эр Табылды", "Саринжи, Бөкөй", "Жаңыл Мырза", "Эр Солтоной" сыяктуу кенже эпостордо эпистолярдык форманын бир нече түрлөрү колдонулган. Мисалы, "Эр Табылды" кенже эпосунда бир нече кат бар.

Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын пайда болуусунун кийинки бутагын аскага чегилген таш жазма эстеликтери менен байланыштырууга болот. Бир караганда, жөнөкөй эле жан-жаныбарлардын, адамдардын, колдонулган буюм-тайымдардын элеси чегерилгени менен, чындыгында, таштагы сүрөттөрдүн купуя, баа жеткис сырларды камтып турушат.

«Саймалы-Таш» сүрөт - жазма сырларын талдоого алган изилдөөчү Лутфулла Жусупакматов: "...мындай жазмалардын топтолушу жана окулушу зарыл. Өзгөчө, булардын каттык түзүлүшүн билүү абзел" [61, 5-б.], - деп эсептейт.

Орхон-Енисей жазма эстеликтеринен "Мурастар каттарын", "Керээз каттарын", "Эскерүү каттарын" көрүүгө болот. Айталы, Култегиндин эстелигинин автору таш бетине чегилген сөздөрдү жалпы түрк элдери үчүн, дегеле, жалпы адамзат үчүн өтө керектүү, түбөлүктүү мааниге эгедер, кылымдарды карыткан өлбөс-өчпөс дөөлөт, таалим, сабак деген ишенимде болгон. Мунун өзү "Мурас каттарынын" талаптары менен үндөшүп турат.

Кат формасынын акындар жана жазгыч акындар чыгармачылыгында дагы орун алгандыгы - аталган жанрдын бул тилкедеги олуттуу мааниге ээ болгондугунан кабар берет. Айталы, Молдо Багыш Сарыбай уулунун, Казыбек казалчынын кат түрүндөгү ырлары эпистолярдык форманын айрым үлгүлөрүнө дал келет.

2.2. Жеке адабий каттардын спецификасы

Адабий көркөм чыгармачылыкта эпистолярдык форма эки мааниде чечмеленип жүрөт. Биринчисин - "адабий каттар" маанисинде калемгерлердин бири-бирине жазышкан жеке каттары түзсө, экинчиси - кат формасында жазылган адабий-көркөм туундулар маанисинде колдонулат.

Ал эми адабий нуктагы жеке каттар советтик түзүлүштүн алдыңкы жылдарында эле актуалдуу боло баштаган. Мисалы, "Казыбектин Сталинге жазган каты". Тилекке каршы, бул кат бизге толугу менен келип жеткен эмес. Адабиятчы-илимпоз Садык Алахан: "...бир караган адамга бул кат керт башынын кутулуу амалын көздөп жазган кишинин катына окшогону менен дыкаттап көңүл бурган адамга бул каттагы терең маани айдан ачып көрүнөт" [131], - деп жазат.

Мукай Элебаевдин Мухтар Ауэзовго жазган каты чакан каты бар. Анын мазмунун мындай: "Жолдош Мухтар.

Быйыл Кыргызстан Мамлекеттик басмасы тарабынан Жамбылдын ырларын бастырууну планга кийирдик эле. Бирок, бул китеп көптөн бери бул жактан табылбады. Ошондуктан, жолдоштук иретинде сизди жибертер деген үмүт менен тобокел кылып ушул катты жазууга туура келди. (Мүмкүн болсо өтө тезирээк).

Андан соң, сиздин "Көк серек", балдар үчүн атайы басылып чыкты деди эле. Ошону да кошо жиберсеңиз мындан бетер жакшы болор эле. Ушуну менен катар дагы бир сөз: казак тилинде басылып чыккан көркөм адабияттарды биз жакка жиберип туруу жагын эскере жүрсөңүздөр. Сиздин эмгектериңизди "Таш түлөктөн" башкасын көрө элекпиз. Ошентип, жогорку өтүнүчтөр орундала турган болсо, төмөнкү адреске телеграм берип койсоңуздар, издеп убараланбай тапкандай бололу.

Фрунзе. Киргосиздат. Элебаев М. 28-январь, 1938-жыл.

Көрүнүп тургандай, бул кат, бир караганда, "Өтүнүч катка" дал келгени менен мазмундук жактан "Тобокел катына" жакын турат. Автор муну өзү да айтат. Катта абзац менен башталган үч бөлүк бар: биринчисинде, Жамбылдын ырларын чыгаруу, ага байланыштуу эмгектердин жок болуп жаткандыгы; экинчиси - М. Ауэзовдун "Көк серегинин" балдарга арналган вариантын салуу өтүнүчү; үчүнчүсү - казак тилиндеги китептерди жиптерип туруу суранычы. Ошентип, М.Элебаевдин бул каты "Тобокел катынын" үлгүсүнө дал келет.

3-БАП: Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын функциялары

3.1 Кыргыз адабиятынын поэзия, проза жанрындагы эпистолярдык форма

Кыргыз адабиятынын тарыхында кат формасындагы ырлар улуу муундагы акын-жазуучулар А.Токомбаев, М.Элебаев, К.Баялинов, Ж.Жамгырчиев, А.Токтомушев, Т. Үмөталиев, Ж. Турусбеков, Ж. Бөкөнбаев, А. Осмонов, К.Маликов жана башка калемгерлердин чыгармачылыгында колго алынган. Айта кетүүчү жагдай, кыргыз акындары эпистолярдык форманын ыр түрүндөгү лирикалык кайрылуу жанрына басым жасап, көпчүлүгү ушул нуктагы ырларды жараткандыгын баса белгилөөгө болот.

Айталы, кыргыз эл акыны А.Токомбаевдин "Жооп кат" деген ыры 1930-жылдары жазылып, лирикалык каармандын кайрылуусу иретинде жарык көрөт. Ырдын мазмуну лирикалык каармандын жаштыгына кайрылып, кооптонуусун ачык билдирген, мамилени ишеним менен бекемдөө талабын койгон эпистолярдык формадагы лирикалык кайрылуу каттарына кирет. Ырдын тексти - монологго негизделсе, темасы - эки ортодогу мамиледе адал болууга чакырык таштайт.

Эпистолярдык форманын өнүгүү жолунда конкреттүү коомдук-саясий окуялар менен түздөн-түз байланыштуу болгон мезгил - 1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуш экендигин айтууга болот. Бүткүл советтик аң сезимге бурулуш жасап, анын ичинде көркөм адабияттын өнүгүү жолун мекенчилдик нукка буруп, эпистолярдык форманын жигээрдүү өнүгүшүнө себепчи болгон мезгил да ушул учур. Адабиятта эл-жерди коргоо идеясы алдыңкы сапка чыгып, натыйжада, кат формасы тыл менен фронттун байланышын чыңдаган негизги каражатка айланган. .

3.2. Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын функциялары

Жалпы жонунан алганда, эпистолярдык форманын функциялары жалпы эки топко жиктелет:

1. Өзөктүү функциялар;
2. Кошумча функциялар.

Өзөктүү функциялардын ичинен маанилүү орунда коммуникативдүү функция турат. Анткени, кат өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн дал ушул кызматка топтойт. Мындан сырткары, жанрга тиешелүү маалыматтык, референттик, когнитивдик, таасир этүүчү, эмоционалдык-баалоочу, экспрессивдүү, фатикалык, көркөм-эстетикалык, өзүн-өзү көрсөтүү ж.б. функцияларынын бар экендигин белгилейт. Чынында, эпистолярдык форма үчүн бул кызматтардын ичинен фатикалык функциянын орду чоң.

## КОРУТУНДУ

Диссертациянын максатына ылайык, кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын өнүгүү тенденцияларын ачып көрсөтүүдө төмөнкүдөй натыйжаларга ээ болдук:

1. Илимий иштин биринчи бабы эпистолярдык форманын изилдениш тарыхына байланыштуу эмгектерди анализдөөгө арналды. Анда, антика дооруна мүнөздүү болгон б.з.ч. "Каттардын типтери" жана "Муун тууралуу" деген эмгектер талдоого алынды. Орто кылымдагы эпистолярдык форманын өнүгүшүндө эки тенденция (чиркөө башчыларынын диний каттары, сенитенталдык адабияттын жанданышы) баса белгиленди. Кайра жаралуу дооруна мүнөздүү болгон эпистолярдык тенденциялар эки жагдай-шарт аркылуу көзгө урунуп, XVII–XVIII кылымдардагы интеллектуалдык баарлашуунун ыкмасы катары жана каттын стилдери боюнча атайын эмгектердин жарык көрүшү (Н.Г.Курганов "Писмовник", "Новом и полном письмовнике, или всеобщем секретаре, содержащим в себе письмо: известительные, советы подающие, обличительные…", "Сборник советов и наставлений", "Жизнь в свете, дома и при дворе") менен коштолгон. Аталган эмгектерде каттардын жанрдык табияты бир системага келтирилип, анын жеке өзүнө гана таандык белгилери иштелип чыккан. Күндөлүк турмушта колдонулган каттардын алкагын кеңейтүү аракеттери көрүлүп, кат аркылуу философиялык, публицистикалык жана дидактикалык жана адабий тексттерди жазууга мүмкүндүк түзүлгөн.

2. Эпистолярдык форманын генезисин, өнүгүү этаптарын анализдөө биринчи баптын экинчи бөлүмүндө каралып, анда эпистолярдык форманын келип чыгышы, негизинен, адам баласынын маалымат берүү аракети менен коштолуп, алгачкы кат жазууга умтулган адам

баласынын алгачкы аракеттери, дүйнө түшүнүктөрү, аңчылыгы, турмуш-тиричилиги, жоокерчилиги аскага, ташка, чопого, жыгачка, бамбукка, папируска чегилген сүрөттөрдө, эпитафияларда сакталып калгандыгы баса белгиленди. Тарыхта пиктография деген аталышка ээ болгон таштагы жазуулардын, орто кылымга таандык болгон Орхон-Енисей жазуулары мисал катары тартылды. Ал эми кыргыз адабиятындагы аталган форманын генезиси элдик оозеки чыгармачылыкта, орток-түрк адабиятында, Орхон-Енисей жазма эстеликтеринде жана жазгыч акындар чыгармачылыгында жаткандыгы конкреттүү мисалдар менен берүү аракети көрүлдү.

*3.* Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын колдонулуш өзгөчөлүктөрүн талдоого алуу да илимий ишибиздин негизги милдеттеринин бири болчу. Бул маанидe кыргыз адабиятынын алгачкы туундуларында эле эпистолярдык форма алгылыктуу болуп, калемгерлердин чыгармачылыгында колдонулгандыгы С.Карачевдин "Эрксиз күндөрдө" повестинин негизинде ачылып берилди. Ошол 1920-30-жылдардагы адабияттын өнүгүү жолунда эпистолярдык форма проза, поэзия жанрларында ийгиликтүү колдонулгандыгы, ошентсе да, социалдык-саясий кырдаалга жараша, эпистолярдык форманы колдонуунун эң эле актуалдуу учуру - Улуу Ата Мекендик согуштун учуруна дал келгендиги А.Токомбаевдин "Сүйгөнүмө кат", Ж.Жамгырчиевдин "Солдаттын саламы", "Сен эсимде", "Ала-Тоого кат", Т.Үмөталиевдин "Фронттон кат", Р.Шүкүрбековдун "Фронттогу агаларыма", М.Элебаевдин "Ала-Тоого кат", К.Эсенкожоевдин "Алыстан кат", Жусуп Турусбековдун "Кат", өңдүү чыгармаларын талдоонун негизинде ишке ашырууга аркет жаслды.

4. Экинчи главанын экинчи бөлүмүндө жеке адабий каттардын спецификасы талдоого алынды. Мында адабий каттардын термин катары мааниси, эки эки тараптуу колдонулушу, адабий каттардын жазылуу жагдайлары белгиленди. Натыйжада, адабий каттар кыргыз акын жазуучуларынын чыгармачылык тагдырында кеңири пайдаланылган, алардын жан дүйнөсүн, мурда белгисиз болгон адабий факты-материалдарды, чыгармачылык байланыштарды, ички сезидерди камтыган ар тараптуу максатка ээ болгон көрүнүш экендиги ырасталды. Мисал катары, М.Элебаевдин, А.Токомбаевдин, А.Осмоновдун, Т.Сыдыкбековдун чыгармачышыгындагы адабий каттар келтирилди.

5. Үчүнчү бап кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын поэзия, проза жанрындагы колдонулуш өзгөчолүктөрүнө арналгандыктан, мында поэзиядагы эпистолярдык тенденциялардын ичинен лирикалык кайрылуу багытындагы ырлардын колго алынышы, сатиралык кайрылуу ырларын жазууга түрткү болушу А.Токомбаевдин "Жооп кат", Б.Сарногоевдин "Мидинге кат", "Ачык кат", Э.Ибраевдин "Мидинден кат" поэмаларынын мисалында ачып көрсөтүү аракети көрүлдү.

6. Ал эми прозадагы эпистолярдык тенденцияларга кат формасынын образдар системасында, чыгарманын сюжеттик өзөгүндө, структуралык системасында олуттуу роль аткара тургандыгы Т.Сыдыкбековдун "Биздин замандын кишилери", К.Баялиновдун "Көл боюнда", К. Жантөшевдин "Эки жаш", Чыңгыз Айтматовдун "Жамийла", "Саманчынын жолу", "Биринчи мугалим", "Кассандра тамгасы", К.Ашымбаевдин "Бой тумар" ж.б. чыгармаларынын негизинде талдоого алуу аракети көрүлдү.

**Отурумдун төрагасы, академик О.Ибраимов:** Ишти уланталы, эксперттерге сөз берели. Биринчи эксперт, ф.и.д. С.Искендерова жүйөөлүү себептерден улам катыша албай калгандыгына байланыштуу анын корутунду пикири менен окумуштуу катчы Н.Ыйсаева тааныштырат:

**Окумушуу катчы, ф.и.к. Н.Ыйсаева:** Ф.и.д. С.Искендерова тогуз бет көлөмүндө эксперттин корутундусун берген. Эксперттин корутундусунда негизинен 10 пункт боюнча ишке карата өзүнүн оюн берген. Айрым мүчүлүштүктөрдү жазган пунктунан окуюн:

1) Биринчи баптын биринчи бөлүмүндө эпистолярдык форманын дүйнөлүк жана орус адабиятынын алкагындагы изилдөөлөргө көбүрөөк орун берилип, улуттук адабияттын контекстиндеги изилдөөлөр азыраак. Ошондуктан, төл адабиятыбыздагы изилдөөлөрдү толуктоо керек;

2) Экинчи баптын экинчи бөлүмүндөгү жеке адабий каттар тууралуу маалыматтарды толуктоо зарыл;
3) Айрым стилистикалык каталарды ондоп, редакциялоо керек (5-бетте).
Ошол эле учурда белгиленген мүчүлүштүктөр изилдөөнүн жалпы мазмунуна жана деңгээлине өз таасирин тийгизе албайт. Эмгек структуралык жактан тыкан жана ырааттуу уюштурулуп, максат-милдеттер ырааттуу жүзөгө ашырылган. Жалпысынан, диссертация талаптагыдай илимий-теориялык деңгээлде аткарылган, өз алдынчалыгы шексиз жогору жана коюлган максат, милдеттер өтөөсүнө чыгарыла аткарылган иш катары баалап, жактоого сунуш кылса болот.

Жетектөөчү уюмду, актай калтырып, бул жерден кеңешип туруп аныктайбыз деп айткан.

Биринчи расмий оппонент катары өткөндө эксперттердин экспертиза боюнча акт түзүү жыйынына чогулган учурда эженин өзүн оппоненттикке сунуш кылдык эле. Ошол боюнча өзү жазып отурат бул жакта.

Экинчи оппонет катары ф.и.к. Нурзат Казакованы сунуш кылыптыр.

Жыйынтыгында ишке карата кандидаттык диссертация коюлган талаптарга жооп берет, коргоого сунуш кылам дейт.

**Отурумдун төрагасы, академик О.Ибраимов:** Рахмат, андан экинчи экспертке сөз берели. **Экинчи эксперт, ф.и.д.Бакашова Ж.**

**Ф.и.д. Ж.Бакашова:** Артур Шарапидиновичтин эмгеги чынында эле абдан маанилүү тема, актуалдуу тема, ошону менен бирге абдан мазмундуу жазылган деп белгилеп койгум келет. Мен негизинен сегиз бет жаздым, ошону кыскартып, кемчиликтерин айтып берейин.

Негизинен, диссертация иш профилге да туура келет, иштин мазмуну дагы, иштин илимий теориялык деңгээли дагы, проблеманы ачып бергени да, актуалдуулугу жагынан дагы ар бир диссертант ушундай болсо деген ойдомун. Анан эми ар бир иште мүчүлүштүктөр дагы болот. Жана Суусар эже айткандай эле биринчи бапта жана кэинчи бөлүмдөрдө орус жана чет элдик адабияттарга мүнөздүү илимий-теориялык адабияттар абдан кеңири колдонулуптур да. Бул бир жагынан жакшы, анткени ага салыштырмалуу анализ жүргүзүп жатат. Бирок, экинчи жагынан, П.Я. Чаадаевдин "Философские письма" В.Г.Белинскийдин "Письмо к Гоголю", Дж.Неру, Взгляд на всемирую историю.Письма к дочери из тюрьмы. В трёх томах" чыгармаларын кошуп койсо балким мындан дагы маанилүү болмок. Анан кыргыз акын жазуучуларынын согуш мезгилиндеги жазган каттары бар. Мына ошолого жок дегенде бир рестроспективдик саресеп салса иштин салмагы мындан да артмак. Мен ойлойм, диссертация мындан ары да уланат деп. Мына ушуну эске алып койсоңуз, кыргыз адабиятындагы айрым илимпоздордун иликтөөлөрүн дагы кошуу зарыл деп ойлойм. Ал эми 2-баптын экинчи бөлүсмүндө жеке каттардын спецификасы талдоого алынган. Менимче, бул бөлүмгө кыргыз калемгерлеринин архивинде жаткан буга чейин жарык көрбөгөн каттарын дагы кошсо жакшы болот го деген ойдомун.Элдик оозеки чыгармалардагы жанагы чакыруу, кабар берүү деген нерселерди тактап, анан ошолордун ортосундагы бир функционалдык айырмачылыктарды белгилеп кетсеңиз болмок. Менимче, телеграммаларды эпистолярдык жанр деп эсептесе болот.
Анан үчүнчү бапта "Кыргыз профессионал жазма адабиятындагы поэзия менен прозадагы колдонулуш өзгөчөлүктөрүнө арналган. Биздин оюбузча бул бөлүмгө дагы башка калемгерлердин кат формасындагы чыгармаларын кошсоңуз жакшы болмок. Анан азыркы мезгилдеги электрондук каттарды кыска болсо дагы анализге алып койсоңуз бул дагы, биринчиден, грамматикалык, орфографиялык, стилистикалык каталар деп жазып жатышпайбы.Ошону менен бирге сиз жанагы бөлүштүргөндө электрондук кат катары бөлүштүрсөңүз бул иш мындан дагы терең болмок.

Бүгүнкү күндө эпистолярдык форма күндөн-күнгө күчөп баратат. Дагы бир нерсени айтып кетким келет, теориялык материалдарды, өзгөчө жанагы биринчи баптагы теориялык материалдарды бир аз кыскартып койсонуз болот. Мен сунуштарымды айткам

сизге. Ошол сунуштар менен бирге эле Кытай императорунун Кыргыз кагандыгы менен жазышкан 7-9-10 к. каттары бар. Ошол каттарды кыргызча Иманалиев которуп чыккан, балким сиз ошол каттарды дагы кошуп койсоңуз жакшы болмок. Негизинен, бул диссертация абдан жакшы жазылган. Теориялык билими жогору деп эсептеймин. Ошону менен бирге кыргыз адабияты адистиги боюнча илимдин кандидаты даражасын изденп алууга толук татыктуу. Мындан ары Сизге ийгилик каалайм. Мыкты бир окумуштуу чыгат деген ишеничтебиз.

**Отурумдун төрагасы, ф.и.д. О.Ибраимов: Үчүнчү эксперт ф.и.к. Н.Сыдыковго сөз берели.**

**Үчүнчү эксперт ф.и.к. Н.Сыдыков:** Ажыбаев Артурдун темасынын актуалдуулугуна токтолоюн. Буга чейин кыргыз адабиятындагы каттардын табиятын ирээтке келтирип, анын аткарган функциялары жөнүндө изилдөөлөр аткарыла элек болчу. Диссертант бул жанрдын табиятын, ага мүнөздүү белгилерин, өзгөчөлүктөрүн орус жана башка адабияттарга салыштыруу жолу менен анализдейт. Эпистолярдык форманын жанр катары бөтөнчөлүктөрүн ачып көрсөтүүгө далалат жасайт. Анткени, кыргыз адабиятында каттардын теориялык жагдай-шарттары тууралуу изилдөөлөр сейрек. Кээ бир адабиятчылардын изилдөөлөрүндө гана учкай токтолуп кеткен учурлары бар. Диссертанттын эмгеги кыргыз адабиятындагы бул темага арналган биринчи илимий иш катары актуалдуу деп эсептейм.

Эми айрым кемчиликтерге токтолоюн. Биринчи бапта анализге алынган илимий-теориялык материалдар өтө көп.
Экинчи бөлүмүндөгү адабий каттар тууралуу бөлүмгө мурда жарык көрбөгөн акын-жазуучулардын каттарынан келтирүүгө болот.
Үчүнчү бапка айрым калемгерлердин чыгармаларынан мисалдарды келтирип, анализдөөсү керек эле.Бирок бул мүчүлүштүктөр иштин жалпы мазмунуна өз кедергисин тийгизбейт. Иш жыйнактуу, системалуу жазылган. Диссертант өз көздөгөн максат-милдеттерине жеткен. Демек, диссертация талапка жооп берет жана аны жактоого сунуш кылса болот.

**Отурумдун төрагасы, ф.и.д. О.Ибраимов:** Рахмат, кимде кандай пикир бар?

**Ф.и.д. Г.Мурзахмедова:** Мен бул иштин электрондук вариантын эки жолу окудум, абдан жакшы иш экен. Көп жаңычылдыгы бар экен. Абдан жакшы жазылган. Бирок, иш мындан да жакшы болуш үчүн менин оюмча, Жылдыз Кемеловна да айтып кетти, жанагы электрондук каттарды да кошсо жакшы болот эле. Себеби, бул жигит тээ байыркы ташка жазылган каттардан тартып, азыркы мезгилге чейинки каттардын эволюциясын алып чыккан да. Ошондуктан, азыр мына каттын жаңы үлгүлөрү чыгып жатат. Электорндук каттар, мисалы СМС кабарлары да катка кирет да. Мен орус адабиятын казып, ким азыркы электрондук каттарды колдонгон деген максатта катап чыктым.2011-жылы А.Никитенко тарабынан "СМС ырлар" деп аталган жыйнакты таап чыктым. Менин оюмча Пушкинди, Гогольду колдонуунун ордуна ушундай жаңы адабияттарды катап чыкса жакшы болмок. Менин оюмча, кыргыз адабиятындагы орус тилдүү авторлордун электрондук каттарын кошуп койсо жакшы болмок. Мисал катары да келтирсе жакшы болмок. Мисалы, Зульфира Асылбекова атгуу прозаик бар. Анын дагы "СМС" аттуу аңгемеси бар. Бул дагы эң мыкты мисалдардын катарына кирмек.Ошондуктан, бул иштин жаңылыгын арттырууда эпистолярдык форманын жаңы түрлөрүнүн колдонулушу, трансформацияга учурашы сындуу маселелерди анализдесе да жакшы болмок. Мен бул ишти зор кызыгуу менен окудум, анан анча-мынча кошумчаларды китргизип койсо деген оюм бар.

**Отурумдун төрагасы, ф.и.д. О.Ибраимов: Рахмат, кимде кандай пикир бар?**

**Ф.и.д. Б.Койчуев:** Мен дагы өз оюмду билдире кетейин, анткени, бул иш абдан кызыктуу тема. Чынында, эпистолярдык форма менен эпистолярдык жанрдын чегин ажыратып таануу зарыл. Кандай болгон күндө да, эгерде биз форма тууралуу кеп кылсак, жанр эмес, андан конекст кеңири мүнөз күтүшү мүмкүн. Мисалы, япон адабиятында эки япон кызынын кат алышуулары бар. Алардын бири Америкада, экинчиси Японияда турушат. Бири англисче, экинчиси япончо жазышат. Эгерде, эпистолярдык форма ыр

түрүндө берилсе, анда арноо каттары тууралуу сөз кылууга туура келет. Мен дагы диссертацияга "Эра любви" деген чыгарманы кошуп койсо деген ойду айткым келет. Бул чыгарма да орус тилинде жазылган. Аталган форманын эволюциясын XX кылымда кандай болду, андан кийин кандай өнүктү дегенде мен да кошулам, жогоруда айтылган пикирлерге.

**Ф.и.д.Д.Асакеева: Суроо берсек болобу?**

**Отурумдун төрагасы, академик О.Ибраимов: Ооба.**

**Ф.и.д.Д.Асакеева: Тема абдан актуалдуу. Менин суроом: Кыргыз адабиятында эпистолярдык жанрдагы чыгарма барбы, кыргыз адабиятында?**

**Диссертант А.Ажыбаев:** Ооба, буга чейин кыргыз калемгерлери эпистолярдык форманы чыгарманын ичинде көркөм ыкма иретинде колдонуп келишкен. Мисалы, К.Ашымбаев агабыздын "Бой тумар" аттуу кат формасындагы, притчалардын топтомун камтыган чыгармасы бар. Же болбосо, Н.Гургубайдын "Кат турмуш" аттуу кыргыз адабиятындагы эң алгачкы кат формасындагы повести жарык көргөн.

**Ф.и.д.Д.Асакеева: М.Алыбаевдин "Ачылбаган кат" аңгемеси эпистолярдык формага киреби же жанрга киреби?**

**Диссертант А.Ажыбаев:** Бул чыгарма М.Алыбаевдин жалгыз прозалык чыгармасы болуп эсептелет. Аны эпистолярдык форма колдонулган чыгарма деп эсептейм.

**Ф.и.д. Д.Асакеева:** Сен жаңылышып жатасың. М.Алыбаевдин "Ачылбаган кат" аңгемеси эпистолярдык жанрдагы чыгарма.

**Ф.и.д. Ф.и.д.Д.Асакеева: Дагы бир суроом бар да, кыргыз акын жазуучулары кат жазышыптырбы, бири-бири менен?**

**Диссертант А.Ажыбаев: Ооба...**

**Ф.и.д. Д.Асакеева: Мисалы, М.Цветаеванын каттары сыяктуу...**

**Диссертант А.Ажыбаев:** Андай каттар бар, дегеле, ушул бөлүм кийинчерээк кошулуп калганына байланыштуу анчалык жеткилең иликтенбей калды десек болот. Мисалы, адабий кат деген түшүнүк бар. Адабий көркөм чыгармачылыкта эпистолярдык форма эки мааниде чечмеленип жүрөт. Биринчисин - "адабий каттар" маанисинде калемгерлердин бири-бирине жазышкан жеке каттары түзсө, экинчиси - кат формасында жазылган адабий-көркөм туундулар маанисинде колдонулат.

Эпистолярдык форманын биринчи маанидеги чечмелениши -автобиографиялык фактышардын жан дүйнөнү иликтөөдөгү ролун аныктаса, кат түрүндө жазылган адабий туундулар чыгармачылыкта каармандардын жан дүйнөсүн чагылдыруунун эң ишенимдүү ыкмасы катары колдонула баштаган. Биринчи мааниде көңүлдүн борборунда чыгарманын өзү эмес, аны жараткан автор турган. Мисалы, илимий ишибизде биз М.Элебаевдин М.Ауэзовго жазган катын келтиргенбиз. Жанрдык жактан "Тобокел катына" дал келет.

**Ф.и.д. Д.Асакеева: Дагы бир суроом бар да. Эпистолярдык форма көркөмдүк жактан, идеялык жактан бир милдет аткарабы? Же маалымат берип эли тим болобу?**

**Диссертант А.Ажыбаев:** Эпистолярдык форманын бир нече функциялары бар да.Биз негизги функциялары катары маалымдоо, баяндоо, фатикалык, өзүн-өзү көрсөтүү функцияларын келтирдик. Мисалы, М.Байжиевдин "Бир кемпир" деген аңгемесинде негизги идея кат формасынлда берилет.

**Ф.и.д. Ф.и.д.Д.Асакеева:** Артур, сен ишинде эпистолярдык жанр дегенди карап койсоң, экинчиден, мына орус адабиятында "Бейтааныш аялдын каты" деген талдоону карап койсоң жакшы болмок.

**Диссертант А.Ажыбаев:** Биздин биринчи главадан 20 барактай кыскарып кеткен, төраганын сунушу менен, биз ошондо аталган чыгармага кайрылганбыз. Ал эми форма жана жанр деген маселеде, биздин коргоого коюлуучу жоболордун бири дагы дал ошол эпистолярдык форманы жанр катары кароо, анын ар бир түрүнүн өзүнө таандык болгон эрежелери, талаптары бар экендигин келтиргенбиз.

**Ф.и.д. Л.Үкүбаева: С.Байгазиевдин "Иниме кат" чыгармасын карадыңбы?**

**Диссертант: А.Ажыбаев:** Ооба, диссертацияда бар

**Ф.и.д. Л.Үкүбаева:** Замечания катары айтып кетейин, жана сен согуш маалындагы авторлорду айтып жатып, тылда жүргөн жа фронтту көргөн дегенде эки эсе деген сөзду кеолдондун, аны өлчөө мүмкүн эмес да, ошондуктан мыкты, жакшы өздө деген сөздөрдү® колдонсоң жакшы болот деген ойду айтайын дедим.Ийглик...

**Ф.и.д. Г.Сооронкулов**: Бардыгы айтышты жакшы жазган, анан кыргыздын жакшы сөзү бар "Жаман уй жаыйытын бир күндө түгөтөт" деген. Анан мен да айтылган пикирлерди толугу менен колдойм. Мүмкүн ишке карата айтылган сунуштарды кийинки этапка калтыруу керек? Менимче, докторлук диссертацияны Артур уланшыты керек деп эсептейм. Мүмкүн иштин азыркы вариантын бузбай эле коюу зарыл деп эсептейм.

**Отурумдун төрагасы, академик О.Ибраимов:** Анда эмесе ушуну менен токтотолу. Талкууда жакшы пикирлер айтылды. Эми оппоненттерди дайындап алсак.

Биринчи оппонент катары ф.и.д. проф. С.Искендерованы дайындасак кандай болот? Добуш берип койсоңуздар, рахмат.

Экинчи оппонент катары ф.и.к. Нурзат Казакова деген кызыбызды көрсөтөлү. Добуш берип койсоңуздар, рахмат.

Жетектөөчү мекеме С.Нааматов атындагы Нарын Мамлекеттик университетин сунуштайлы. Добуш берип койсоңуздар, рахмат.

Жогоруда айтылгандарды эске алып, угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна, Жусуп Баласагын атындагы кыргыз улуттук университетине жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган Д.10.23.667 Диссертациялык кеңешинин отуруму

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Д 10.23.667 Диссертациялык кеңешинин Ажыбаев Артур Шарапидиновичтин "Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын өнүгүү тенденциялары" деген темадагы диссертациялык иши жөнүндөгү эксперттик топтун корутундусу кабыл алынсын;
2. Диссертациялык ишке расмий оппоненттер катары филология илимдеринин доктору Искендерова Суусар Искендеровна, филология илимдеринин кандидаты Назгүл Казакова, ал эми жетектөөчү мекеме катары С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин кыргыз адабияты кафедрасы бекитилсин.

3. Артур Шарапидинович Ажыбаевдин 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча жазылган «Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын өнүгүү тенденциялары» деген темада жазылган кандидаттык диссертациясы Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына жооп берет деп эсептелсин жана коргоого сунушталсын.

Д.10.23.667 Диссертациялык кеңештин төрайымы, филология илимдеринин доктору, академик — Ибраимов О.

Д.10.23.667 Диссертациялык кеңештин катчысы, ф.и.к. — Ыйсаева Н.Т.